**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ 15 ЗАСЕДАНИЕСИНИН**

**Т О К Т О М У**

2023-жылдын 15-майы № 15/3 Кайнама айылы

**Бала бакчалардагы ата-энелер тарабынан ай сайын төлөнүүчү каражатты 600 сомдон кайра 500 сомго түшүрүү жөнүндө**

Базардагы азык түлүктүн баалары бир аз төмөндөгөнүнө байланыштуу айыл өкмөтүндөгү бардык бала бакчалардын тарбиялануучуларынын ата- энелери тарабынан төлөнүүчү төлөмдөрүн 600 (алты жүз) сомдон 500 (беш жүз) сомго түшүрүү боюнча айрым депутаттардын оозеки сунушун угуп жана талкуулап, Будалык айылдык кеңеши **токтом кылат:**

1. Будалык айылдык кенешинин 7 чакырылышынын 2023-жылдын 24-январындагы кезектеги 13-отурумунун 13/1 токтомунун 5- пункутуна төмөндөгүдөй өзгөртүү киргизилсин;

- Будалык айыл өкмөтүндөгү № 19 "Шалбаа" жана № 20 Ш.Айткулов атындагы, №32 Кум-Шоро бала бакчаларынын тарбиялануучуларынын ата-энелеринен алынуучу төлөмдөр 600 (алты жүз) сомдон 500 (беш жүз) сомго түшүрүлсүн жана ай сайын 500 ( беш жүз) сом өлчөмүндө төлөө белгиленсин.

2. Айыл өкмөтүндөгү № 19 "Шалбаа" жана № 20 Ш.Айткулов атындагы, №32 Кум Шоро бала бакчаларынын ата энелеринен алынуучу төлөмдөрдү өз убагында топтоп мыйзам чегинде иштетүү бала бакчалардын башчылары Айткулова Жибекке, Аматова Ферузага жана Оморова Анийпага милдеттендирилсин.

3. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана көзөмөлдөө Будалык айыл өкмөтүнүн финансы экономика бөлүмүнүн башчысы Н.Жунусовго жүктөлсүн

**Будалык айылдык Кеңешинин төрагасы: Арапбай уулу Улан**